**Бишкек инновациялык колледжи**

**Ч. Айтматовдун 97 жылдыгына карата адабий иш чаранын планы**

1-2-курстар үчүн

# Темасы: «Айтматов ааламы»

Даярдаган: **Тагаева Гүлзат Аликовна**

(кол тамгасы )

**2025 - жыл**

## Ч. Айтматовдун 97 жылдыгына карата адабий иш чаранын планы

1-2-курстар үчүн

Окутуучунун аты-жөнү: Тагаева Гүлзат Аликовна
Күнү, айы, жылы: 19. 12. 2025

**Ч. Айтматовдун 97 жылдыгына карата**
**Сабактын темасы: «Айтматов ааламы»**

**Сабактын максаттары:**
**Сабактын билим берүүчүлүк максаты:** Студенттердин Ч. Айтматовдун чыгармаларына болгон кызыгууларын арттыруу, жазуучу тууралуу түрдүү булактардан маалыматтарды берүү;

**Сабактын тарбия берүүчүлүк максаты:** Студенттерди Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу патриоттукка, намыскөйлүккө, ак ниеттүүлүккө ынтымак-достукка, улуу адамдарды сыйлоого, урматтоого; Мекен алдындагы алардын жоопкерчилигин арттырууга, атуулдук парзын аткарууга, ата мурастарын сактоого, эне тилин сүйүүгө, ж.б. асыл сапаттарга тарбиялоо;

**Сабактын өнүктүрүүчүлүк максаты:** Студенттердин өз алдынча изденүүсү менен алардын дүйнө таануусун, көркөм жана илимий ойлоосун, сүйлөө көндүмдөрүн калыптандыруу, сөз байлыктарын өстүрүү, жазуучунун чыгармалары тууралуу алган маалыматтарын кеңейтүү, өнүктүрүү.

**Сабактын тиби:** Кайталоо, бышыктоо жана жалпылаштыруу сабагы.

**Сабактын түрү:** Стандарттык эмес сабак - концерт түрү.

**Сабактын ык-методдору:** Көрсөтмөлүүлүк, изденүүчүлүк методдор, окуучулардын кызыктыруучулук, кошо жаратуучулук демилгесин пайда кылуу, калыптандыруу.

**Сабактын башка сабактар менен болгон байланышы**: кыргыз тили, орус адабияты, тарых, музыка

**Сабактын жабдылышы:** Ч.Айтматовдун портрети, өмүрү, чыгармачылыгын чагылдырган слайд-шоу, дубал гезиттер, стенддик сүрөттөр, ырлар, китептер ж.б.

**Ч. Айтматовдун 97 жылдыгына карата**
**адабий иш чаранын планы**
**Иш чаранын жүрүшү:**

**1. КРдин гимни уктурулат** (2 мүнөт)

**1. Саламдашуу:**

***Жолдош:*** Залкар ойду таразалап батырган,
Закымдаган ак таңдарды атырган.
Заманыңдын болгон асыл байлыгы,
Замандашка салам айтып кайрылган.

**Ассалому алейкум төбөсү көккө жеткен кыргыз калкым!**

***Аделя:*** Арыбаныздар даңкы далайга жеткен кыргыз калкым!

***Жолдош:*** Саламатсыздарбы, улуу урматтуу агай-эжелер, студенттер!

***Аделя:*** Амансыздарбы, бүгүнкү адабий кечении кымбаттуу катышуучулары!

***Жолдош:*** Арышты керип жылдызга,
Алып келген сыймык кыргызга.
Алкышты айтыш аз бүгүн,
Алп жазуучу Чыңгызга!

***Аделя:*** Түнөрмөк асман жылдызсыз
Томсормок тоолор кыргызсыз.
Дуйнөлүк адабиятты,
Түшүнүү кыйын Чыңгызсыз!

***Жолдош:*** Бир кылымга бир жаралган даанышман,
Адабият дүйнөсүнө жарык таң.
Чыңгыз деген кыргызымдын кулуну,
Дүйнө жүзүн калем менен багынткан.

***Аделя:*** Өтүп жатат сизди эскерүү күнүбүз,
Чексиз эле өзүңүзгө сүйүүбүз.
Кыйкырсак да бүт ааламга жар салып,
Аттиң, арман жетпейт сизге үнүбүз!

*Жолдош:* Туу чокуну багындырып алдыңыз,
Кыргыз туусун желбиретип салдыңыз.
Кыргыз үчүн абийир, атак жаратып,
Кылымдарга өчпөс болуп калдыңыз.

*Аделя:* Мамлекет башчысынын Жарлыгына ылайык 2025-жылы залкар жазуучу Ч. Айтматовдун 97 жылдыгы улуттук жана эл аралык деңгээлде белгиленип жатат. Анда эмесе залкар жазуучубуздун 97 жылдыгына арналган **«Айтматов ааламы»** аттуу адабий кечебизди баштоого уруксат этиңиздер!
***Жолдош:*** Анда эмесе залкар жазуучубуздун 97 жылдыгына арналган **«Айтматов ааламы»** аттуу адабий кечебизди баштоого уруксат этиңиздер!

***0. Слайд***

*Г.: Азыр барыңыздарды залкар жазуучунун 97 жылдыгына арналган* ***«Айтматов ааламы»*** *аттуу слайдды көрүүгө чакырабыз! (5м.)*
Даярдагандар:
1.
2.

**1. "Манас" эпосунан үзүндү айтышат**

**Аделя:**

Чакан элди улуу элдерге теңелттиң,
Көөнүн ачып көл-дайрадай кенелттиң
Рухуңдун улуулугун мухиттей
«Манас» сындуу дастан менен ченеттиң!

Кара сөздүн падышасы Ч.**Айтматов ""Манас" эпосун – кыргыз рухунун туу чокусу"** деп атап, анын адамзат өнүгүүсүндө да рухий мааниси бийик эмгек экендигин белгилеп, анын жарыкка чыгышына, изилденишине көп аракет жумшаган.

*Г.: Кымбаттуу студенттер, сиздерге 4-декабрь «Манас» эпосунун күнүнө жана* **Ч. Айтматовдун 97 жылдыгына карата** *Жумалыктын иш планына ылайык* **"БИК" мекемесинде** кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабактарынын улук окутуучулары тарабынан сынак жарыяланган. Ошол жумалыктагы берилген тапшырмаларды, сынактарды жыйынтыктоо максатында бүгүн чогулганбыз.
***Жолдош:*** Алдыңыздарда 1-курстардын студенттери «Манас эпосунан үзүндү тартуулашат.
**1.Сайдакматов Динмухаммед, Ю-1-24 тайпасынын студенти. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча** *"Көкөтөйдүн ашы"эпизодунан үзүндү.*

**2. Момуналиева Фатима, К-1-24 тайпасынын студенти. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча** *"Каныкейдин тайторуну чапканы" эпизодунан үзүндү*

**2. Замотаева Атонина А-1-24 тайпасы Саякбай Каралаевдин варианты боюнча** *"Каныкейдин тайторуну чапканы" эпизодунан үзүндү.*

**2. Сөз берилет**

**Аделя**: *4-декабрь «Манас» эпосунун күнүнө карата уюштурулган иш чарада "мыкты манасчы номинациясы" сынагынын жеңүүчүлөрүн сыйлоо жана* адабий кечебизди ачуу үчүн Бишкек инновациялык колледжинин мүдүрү, философия илимдеринин кандидаты, доцент ***Эркинбеков Кылыч Эркинбековичке*** сөз узатсак. *Келиңиз агай. Доклад окулат. "Манас" эпосундагы этноэтикет түшүнүгү.*

**2.1. Сөз берилет**

***Аделя:*** Алгач алдыңыздарга адабий кечебизди ачуу үчүн Бишкек инновациялык колледжинин мүдүрү, философия илимдеринин кандидаты, доцент - *Эркинбеков Кылыч Эркинбековичке* сөз узатсак. *Келиңиз агай. . Доклад окулат. "Манас" эпосундагы этноэтикет түшүнүгү.*

**3.Көркөм окуу**

*Ч. Айтматовго арналган ыр саптары*

***Жолдош:*** Кезекти акын-жазуучуларыбыздын **Ч. Айтматовдун жаркын элесине арналган ыр саптарына беребиз.** Азыр сиздердин назарыңыздарга 2-курсунун А 1-24, А-2-24 тайпасынын студенттерин чакырабыз.
*(Студенттер көркөм окуу менен Ч. Айтматовду даңазалашат)*

1. Бейшенова Аяна, А 1-24 тайпасынын студенти. *Акматов А. "Ч. Айтматовго арналат"*
2. Мурзалиева Нуржигит, К- 2-24 тайпасынын студенти. *«Ч. Айтматовго арналат»*
3. Курбанбекова Жанетта, А-2-24 тайпасынын студенти. *«Ч. Айтматовго арналат»*

**4. Ыр ырдалат, «Ысык-Көлдү сагынуу»**

***Аделя :*** Айтылып сезим ырлары,
Жазылып ырдын ырлары.
Баарыбыз чогуу биригип,
Келгиле, анда ырдайлы.

**Аделя:** Ч. Айтматовдун калемине таандык жалгыз гана **«Ысык-Көлдү сагынуу"** деген ыры бар. Ырда жазуучунун алыста жүргөндө Мекенге болгон кусалыгы, сүйүүсү, мээрими чагылдырган. Анда эмесе кезекти ыр, бий менен коштолгон репертуарга берсек. **«Ысык-Көлдү сагынуу"**
1. "Ак-куу бийи", 1-курсунун, БД-1-25 тайпасынын студенти Садырбаева Асема
2. Ырчы кыздар: 2-курсунун, ИЯ-2-24 тайпасынын студенттери:
1. Аттокурова Аймырза; 2. Аязбекова Аяна.

**5. Монолог**

**Жолдош: Ч. Айтматовдун 97 жылдыгына карата арналган иш чаранын 1-сынагы монолог.** Азыр кезекти Чыңгыз Айтматовдун калемине таандык болгон **«Саманчынын жолу" повестиндеги** монологго кезек берели.

*А.:* Кана эмесе коноктор,
**Каармандар сүйлөсүн.**
Чыгармасы Чыңгыздын,
Жаш арчадай бүрдөсүн!

*А.:* Мугалим болуўуну самаган, Мекен үчүн жанын берген «Саманчынын жолу» повестиндеги ***Майсалбектин катын*** 2-курсунун А-2-24 тайпасынын студенти **Букушев Алинур** аткарып берет. Тосуп алыңыздар!

**6. Ыр ырдалат. Комуз**

***Аделя:*** Тилге жолдош, үнгө дем,
Комузду кошуп ырдайлы.
Бабабыз черткен бул комуз,
Баркына жетип сыйлайлы.

**Жолдош:** Буулуккан черлер жазылсын,
Булбулдар шандуу таңшысын.
Жанытып ырлар тоолорду,
Күйүттүн баарын качырсын.

**"Курманбек"** дастанынан үзүндү. Аткаруучу: 2-курсунун ИЯ-1-24 тайпасынын студенти **Мамырбекова Айдай.**

**7. «Айтматов жана сахна»**

***Жолдош:*** Ч. Айтматов дүйнөлүк адабияттын көрүнүктүү классиктеринин бири. Анын чыгармаларындагы каармандар жалаң гана китеп беттеринде эмес, музыкадан, кинонун экрандарынан, театрлардын сахналарынан орун алган. Ошол себептен адабий кечебиздин программасы да ар тараптуу.
***Аделя:*** Эмесе азыр «**Айтматов жана сахна»** кезегине берели.
**Ч. Айтматовдун 97 жылдыгына карата** арналган иш чаранын 2-сынагы **"Сахна жылдызы".** Эмесе азыр «**Айтматов жана сахна»** кезегине берели. **"Манкурт"** жөнүндө көркөм ыр окулат. 2-курсунун А-2-24 тайпасынын студенти Нурзатбекова Зейнеп

**Аделя:** Анда эмесе 1980-жылдары жарык көргөн **"Кылым карытар бир күн"** романына кезекти берсек. "Найман эненин ыйы же "Маңкурт" уламышы боюнча үзүндү. Аткаруучулар:

1. Токбаева Салия – Найман Эне
2. Абдумавланов Асадбек – Маңкурт
3. Кароол жигиттер: 1. Айдаралиев Бечоро; 2. Коңурбаев Абдибаит

## 8. Айтматовдун асыл ойлору

*Г.* **Ч. Айтматовдун 97 жылдыгына карата** арналган иш чаранын 3-сынагы **"*Мыкты актёрдук чеберчилик*"**

Эмесе азыр **«Айтматовдун асыл ойloruна»** кезек берсек. 1-2-курсунун студенттери. А-1-24 тайпасынын студенттери

1. Айдаралиев Бекчоро, А-1-24 тайпасынын студенти. "Эне тили жөнүндө"
2. Мейимбекова Аделя, Ю-1-25 тайпасынын студенти. "Манас" эпосу жөнүндө"
3. Курбанбекова Сайкал, А-1-24 тайпасынын студенти. "Бала жөнүндө"
4. Жунусов Чыңгыз, А-1-24 тайпасынын студенти. "Ата Мекен жөнүндө"
5. Кадыркулова Сейил, ИЯ-1-25 тайпасынын студенти. "Эмгек жөнүндө"
6. Абылкасымов Жолдош, Ю-1-25 тайпасынын студенти. "Адамзат жөнүндө"
7. Аскарбекова Фатима, А-1-24 тайпасынын студенти. "Сүйүү жөнүндө"
8. Токбаева Салия, А-1-24 тайпасынын студенти. "Адамзат жөнүндө"
9. Орозматов Турдубек, А-1-24 тайпасынын студенти. "Сүйүү жөнүндө"

## 9.Слайд

**Жолдош: Ч. Айтматовдун 97 жылдыгына карата** арналган иш чаранын 4-сынагы **"Мыкты видео түрмөктөр"**, 5-сынагы **"Мыкты дубал гезиттер".** Анда эмесе 1-2-курсунун студенттеринин чыгармачылык менен тартылган видео түрмөктөрүнө назар салыңыздар!

1. 1-курсунун **видео түрмөгү, дубал гезити көрсөтүлөт**
2. 2-курсунун **видео түрмөгү, дубал гезити көрсөтүлөт**

## 10. Спартакиаданын жеңүүчүлөрүн куттуктоо

## Администрацияга жана уюштуруучуларга сөз берилет

**Аделя: 2025-жылдын 19-ноябрынан 4-декабрына чейин Кыргыз Республикасынын орто кесиптик окуу жайларынын Спартакиадасы болуп өткөн. Анда спорттун төмөнкү түрлөрү боюнча мелдештер уюштурулган:**

**Теннис; Шахмат; Тогуз коргоол; Жеңил атлетика; Волейбол**

- **Фудбол**